## “МАНАС” ЭПОСУ –АДАМЗАТТЫН МАДАНИЙ ТҮГӨНГҮС БУЛАГЫ

Бактыгуль АДЫЛОВА

**Аннотация:** “Манас” эпосу – түрк элдеринин бир маданий мурасы, кыргыз элинин тарыхынын алтын казынасы, адамзаттын гениалдуу кенчи.Улуттук эпос көлөмү жагынан эле эмес, жандуулугу, бүгүнкү күнгө чейин элдин эс-тутумунда оозеки түрдө өмүр сүрүп келиши менен, бизге белгилүү дүйнөлүк бардык оозеки чыгармачылыктын баалуулуктарынкамтып өзгөчө айырмаланып турат. Бул тарыхый чыгарма, ар бир окурмандын жан дүйнөсү сугарылуучу көөнөрбөс дөөлөт, акыл-эсин ойготуп, ой чабытын, жашоого көз карашын өстүрүүчү түбөлүктүү булак. Байыркы бабалардан мурасталып, укумдан-тукумга улантылып келе жаткан каада-салт, керемет тил, көркөм сөз өнөрү, Мекенди сүйүү, коргоо, намыс сыяктуу мааниси зор керемет табылгыс таалим-тарбия “Манас” эпосунда топтолгон. Учурда эл аралык карым-катнаш ушунчалык тез ылдамдыкта өтүп жаткан мезгилде,дастандагы камтылган нарк баалуулуктарды жаңы көз караштатаза, так ой жүгүртүү менен кабылдап таасирленүү - улуттук аң-сезимдин, намыстын өнүгүшүнө түрткү берет.

***Негизги Сөздөр:*** *Тарых, Руханийбаалуулуктар, Маданий Мурас,Илимий Ачылыштар, Адамзаттын Кенчи.*

**The Epic"Manas" Isan Inexhaustable Cultural Resource of Mankind**

**Abstract:** The epic "Manas" is a cultural heritage of the Turkic peoples, a golden treasure of the history of the Kyrgyz people, a treasure trove of genius of humanity. The national epic is distinguished not only by its volume, but also by its vitality, by the fact that it has survived orally in the memory of the people to this day, embodying the values of all the world's oral creativity known to us.This historical work is an inexhaustible treasure that nourishes the soul of every reader, an eternal source that awakens the mind, develops the imagination, and develops the outlook on life.The epic "Manas" contains a wealth of invaluable teachings and teachings, such as the traditions inherited from ancient ancestors and passed down from generation to generation, the beautiful language, the art of speech, and the love, protection, and honor of the homeland.In a time when international relations are moving at such a rapid pace, perceiving the values contained in the epic from a new perspective with a clear, clear mind and being influenced by them will encourage the development of national consciousness and honor.

**Keywords***: History, Spiritual Values, Cultural Heritage, Scientific Discoveries, The Treasure Of Humanity.*

### Кириш

Жалпы түрк дүйнөсү тарыхы тереңде жаткан байыркы эл катары өзүнүн салт-санаасы, үрп-адаты, оозеки бай чыгармачылык казынасы, ажайып кооз табигаты менен айырмаланып, кызыгуу жаратып келет. Түрк элдеринин дагы бир маданий мурасыболупооздоноозго айтылып келген дастандары, эпостору саналат. Алар элдин көз карандысыздык үчүн күрөшүн, эрдигин, баатырларын баяндап берген. Кыргыз элинде ошондой дастандардын ана башында "Манас" эпосу турат.

“Манас” эпосу - нечендеген кылым карыткан байыркыкыргыз элинин баалуу кенчи.

Кыргыз элинин жалпы дүйнө элине таандык руханий кенчи - «Манас» эпосунун («Манас», «Семетей», «Сейтек» эпостору) үчилтигин коргоо, жайылтуу жана даңазалоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1-березне 2-пунктунда «Манас» эпосунун үчилтиги дүйнөлүк маданияттын бермети, бардык этностордун толеранттуулук жана улуттар аралык эриш-аркактуулук идеяларын тастыктаган, руханий маданияттын тарыхын, философиясын, дүйнөтаанымын камтыган жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышында, чыңдалышында жаратмандык ролду ойногон мекенчилдик, достук, рух азаттыгынын идеяларын даңазалаган кыргыз элинин уникалдуу эпикалык мурасы – деп жазылган («МАНАС» ЭПОСУ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫнын 1-берене 2-пункт.,Бишкек ш., 28–июнь 2011-жыл №59).Бул чыгарма элибиздин оор кыйчалыш жашоосунда басып өткөн тарыхый жолунун тайгалактуу учурларын, абалын чагылдырып, укумдан-тукумга, атадан- балага өтүп келген улуу табереги, улуттун намысы. Кыргыз эли, айрыкча,

ушундай баалуу рухий көрөңгөнү ушул күнгө чейин жеткирген, “Манасты” дүйнө жүзүнө таанытып,эс-тутуму,кудуреттүү купуя сыры менен таң калтырып келе жаткан манасчыларыбыз,адамзаттын дүйнөлүк маданиятына “Манас” эпосун жаратуу менен чоң салым кошту деп сыймыктана алабыз.Анткени, бул дастанда биргана кыргыз элинин тарыхын эмес, жалпы адамзаттын көчмөн цивилизациясын так мүнөздөгөн “Манас” эпосунун үчилтиги ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастар тизмесине Кыргызстандын атынан катталган.

«Манас» эпосу - элдин нечен кылымдык, башынан өткөргөн кайгылуу, оор турмушун, салт-санаа, үрп-адатын, дүйнөгө көз карашын чагылдырган улуу дастан. «Манас» эпосунда, изилдөөчүлөрдүн жана жалпы эле окурмандардын, улам мезгил өтүп, кайрадан улам доор алмашканына карабастан, дамамат кызыгуусун арттырган бир нече идея, баа жеткис кенчи бар.

Ал эпостун-түбөлүктүүлүгү. Абай салып карасак, «Манас» эпосунун идеялык көркөмдүк куну жылдар өткөн сайын арбып, дүйнөлүк маданияттагы ээлеген орду, абройу кенейүүдө. Себеби,ооздон оозго, кылымдан кылымга, укумдан тукумга, атадан балага мурас катары айтылып келген “Манас” – бир кишинин эмес, бүтүндөй элдин турмушун чагылдырган чыгарма.

Дастандагы ар бир табылга ар түрдүү доорду чагылдырып, бир бүтүмгө жалпы элге таандык болуп саналат, б.а. “Манаста” идеологиялык жалпылык жакшы берилген:

Атажуртидеясы: ыйык идея-ак калпак калктын азаттыгынын, эркиндигинин, эгемендүүлүгүнүн идеясы, ата журттун боштондугунун, журт биримдигинин улуу идеясы; “Калкым кыргыз, сен үчүн, курман болуп кетейин, найзалашып топ бузам, тагдыр жетсе окко учам” [1, 182-бет.] - мекенчилик, мекенди көздүн карегиндей сактоо,Ата журттун чакырыгына дайыма даяр туруу, улуттук кызыкчылыкты туу тутуу;

“Ынтымак бар жерде -ырыс бар” - бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу, элдин ынтымагын бекемдөө, бир адамдай акыл калчап иш кылуу; келечек муундарына Бакай бабабыздын сөзү менен: “Бөлүнбө, кыргыз, бөлүнбө, бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөктөргө кеп кетет”,- деп, керээз-осуяты;

“Күч – биримдикте”,башкача айтканда, чачылганды жыйноону, үзүлгөндү улоону, жоголгон жокту табууну, “Кулаалы жыйып куш кылууну, куранды жыйнап журт кылууну”,адилеттүүлүк, акыйкаттык, чынчылдык, интернационалдуулук, түрлүү улуттун өкүлдөрүнүн биримдиги;

Журт башында турган көсөмдөрдүн “Туйбаганды туйгузуп, туура жолго салалы” деген башчы Акбалтанын;“Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан” акылман Бакайдын; өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон көсө, акылман баба Кошой баатырлардын көрөгөчтүгү;

Эңкейген карыларга, эмгектеген балдарга, ак элечек энелерге, жетим-жесирлерге, алсыздарга жардам берүү; М (жоо алдында жоокерлерге кайрылуусу):

Жамандык кылба, жан кыйба,
Жесир калды баарысы,
Жетим бала, тул катынга
Айтканым алсаң эсиңе,
Жетилсин сенин урматың

Кыргызда “Жакшы жаңылса, өзүнөн көрөт, жаман жаңылса, өзгөдөн көрөт” дегендей, ар ким өзүнө да, өзгөгө да сын көз караш менен ийкемдүү болуу;М: кемчиликтерди моюнга ала билүүсү – “Көкөтөйдүн ашында” Үрбүнү жөнсүз сөзүнө ачууланып, аны камчы менен чаап жиберет. Бирок, күнөөсүн дароо мойнуна алып, көп алдында тилдеген Кошойдун сөзүн көтөрүп, үн катпайт. «…*Манас, Манас дегенде, барбая калат экенсиң, чала үйлөнгөн чаначтай, дардая калат экенсиң…*» деп, Кошой бабабыз инисин жемелейт.

Дагы да , “Манаста”биринчи кезекте эмне бийик? эмне ыйык?

“Манаста” Мекен ыйык! Анын азаттыгы, эркиндиги, эгемендүүлүгү ыйык!

Алатоонун, эл-журттун бир муштумдай бекемдиги,тилектери,карапайым журттунзарлаган максаттары бийик!

Абалтан уланып келе жаткан ата-баба салты,улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөтүү, аялзатын ардактаган кичипейилдик,сылыктык мүнөз ыйык!

Аппак кардайаруу тилек, адеп-ыйман,агынан жарылган эмгек, адал мээнет ыйык!-ушундай нарк дөөлөттөрүбүздөрдү, тарыхтын элегинен өткөн ата-баба баалуулуктарынкайра жаралуу доорунда, жаңы заманда жаңыча жандандыруу, кийинки муунга мурас калтыруу милдети бар.

“Манас” эпосунун тегерегиндеги пикирлердин кылым ашып, бүгүнкү биздин күнгө жеткендери жана мезгилдин өтүшү менен жаңыланып жаралышы чыгарманын дагы да казыла турган илимий ачылыштары, руханий жан дүйнөгө ала турган баалуулактары бар экендигин айгинелейт. Дастандын маани маңызына сүңгүп, ой толгоо менен кабыл алган ар бир окурман өзүнө баа жеткис руханий байлык алаары шексиз.

Эпос окуп түшүнүү, эч болбосо жөн гана жараткандан талант, кандайдыр бир деңгээлде сыйкырдуу күч даарыган манасчыларды угуу, ага арбалуу менен эргүү алган канчалаган адамга чыгармачыл шык берип, дүйнөлүк аренага чыгышына себепкер болду. Атай кетсек, алардын ичинде адамзатка аттын кашкасындай таанымал,атагы алыска кеткен улуу жазуучубуз Ч.Айтматов.

Улуу жазуучунун чыгармачылыгынын башатына жол ачып берген көөнөргүс булактардын башында “Манас” эпосу турат. Ал Ч.Айтматовдун жан-дүйнөсүнө бала кезде эле сиңип, бүткүл өмүрүн коштогон ажайып аалам болгон. Ошондой ааламды изилдөө, жайылтуу иштери,анын түпкү маани-маңызын, сюжетин, көркөмдүк дараметин чыгармаларында өтө кыраакылык менен пайдаланууга, дайыма шык, эргүү берип, жан дүйнөсүндө кошо жашаган, өзөктөш, тамырлаш болгондугун мындайча баяндайт:

*“Мен эпос жөнүндө дайыма ойлоном. Бул – элдик акылмандыктын жараткан көп кырдуу, көп катмардуу чыгармасы. Бирок, мен аны өз чыгармаларымда жөн гана пайдаланбастан,өздөштүрүлгөн түрүндө пайдаланууга аракеттенем” (“Чыңгыз Айтматов” 8-том, “Бийиктик”, 2008-ж).*

Чыңгыз Айтматов, айтылган ой-толгоосун иш жүзүнө ашырып, “Манас” эпосун рух түркүгү катары кабылдап, андагы ойлордун учугун улап, эпостун жалпы адам баласына калтырган улуу насааттарын чыгармаларындагы каармандар аркылуу,ой чабытты ойготуп,жан дүйнөгө бүлүк салып,азыркы замандын баян күүсү сыңары жаңы ачылыштар менен ачып берген.

Жазуучу “Кайрылып куштар келгенче”чыгармасында Манас эпосу тууралуу мындайча баяндалат: Жумурай журттун башына калдайган түн түшкөндө, туш тарапка чачылып, айла-амалын таппай калдастап турган чакта улуу “Манас” дастанын “Чагылган үндүү манасчы” атыккан,баш каарман манасчы Эламан, канкор жоолорго каршы элдин башында турган жол көрсөткөн башчыга айланган. Ал Манас айтканда жер силкинип, булкунуп, кулак назарын салып олтургандар анын добушунан жарк этип тийген күндүн шооласындай жарыкка үндөгөн, шаркыраган суунун дабышын уккандай, алоолоп күйгөн отту көргөндөй арбалып, ар ким өз ой-санаасы менен алек.Тилекке каршы, өздөн чыккан саткындардын жардамы менен Эламан манасчы мыкачылардын колуна түшөт. Ээнсиреген ээн талаада, каңгыраган жерде эки көзүнөн ажырап, куштай сайраган тили кесилип, кан жутуп, айтор, жандуулар чыдагыс канкордук көрүп жан берет.

Бирок,адамзат жашоонун маңызын артынан татыктуу из калтыруу деп билгендей, манасчылык өнөрдүн өлбөс-өчпөстүгү анын эч кимге, эч нерсеге моюн бербеген сыйкыр күч аркылуу арбалып, уккан сайын алдыга, жаркын келечекке үндөгөн дарамети менен ар бирине майтарылбас рух берип тургандыгында... (*Б.Алыкулов, "Кыргыз туусу", 10.06.2011-ж.)*

Манасчынын ушундай трагедиясын
"...Баланы кармап алалык,
Башына шири салалык.
Үйгө алып барып кыйнайлык,
Алты зубун калмактын,
Аяк-башын жыйнайлык"...

– деген эпостого саптардан, "Кылым карытаар бир күн" романындамаңкурт жөнүндөгү легендасын жаратып, дүйнөлүк мааниде анын "сырын" чечмелеп бергендигин көрө алабыз.

Бала кезинен "Манас" эпосуна таасирленген жазуучу дастандагы үйдүн уюткусу катары берилген аялзаттарынын, атасак, Чыйырды баштаган Каныкей, Арууке, Кызсайкал, Айчүрөктүн образдарын "Биринчи мугалим", "Жамийла", "Эрте келген турналар", "Саманчынын жолу" чыгармаларында үй бүлөгө мээрим төккөн, эң көркөм,таза, аруу сезимдер аркылуу кыргыз кыз-келиндердин жүрөгү таза экендигин далилдеген чынчыл, кайраттуу, акылдуу каармандарды жаратуу менен бере алды.Ошондой эле, ар бир каармандын ичинде эмне бар экени, рух дүйнөсүнүн көрөнгүсү көзгө көрүнбөйт. Бирок жан дүйнөдөгү, жүрөктөгү нерсе кишинин сырткы кыймыл-аракетинен, иштеген ишинен, жасаган жорук-жосунунан, баскан-турганынан көрүнө тургандыгын, оор кыйчалыш жерлерде таянганы Кошойдой көрөгөч, Бакайдай акылман насаатчылары, Алмамбеттей дили таза досу менен бардык кыйынчылыктарды алдын алууга, жеңишке жетишүүгө мүмкүн экендигин чагылдыра алган.

Манас эң айкөл каарман. Дастанда баатыр өзүнүн жан-жөкөрлөрүн тегине, улутуна, карап бөлбөйт,учурда да, биздин эл бир дагы башка калкты өзгөлөбөйт. Манасты жандап жүргөн кырк чоролор ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү: Ажыбай аргын, чубак нойгут, Серек, Сыргак кара кесек,кыргыз кара калпак, Үмөт үйшүн, Мажик калмак,ырчуул казак, Тазбаймат кырчак, жаш айдар кыргыз ж.б. "Кырк жерден келген кырк кашка, кыркынын жөнү кырк башка"- делет "Манаста". Бир табактан даам сызган,жеңишке чогуу жеткен,киндиктеш туугандыктан, баарлашкан сөздөрүнөн, тутунган дининен эле адам менен адам кыйышпас болуп кетпейт. Адамды жакындаткан,жакшы, жаман учурларда жардамын аябаган, керек жерде жанын берүүгө даяр экендигин тастыктай турган нерсе-бул намыс, өз кызыкчылыгынан көпчүлүктүн мүдөөсүн өйдө койгон акыл-эс, абийир,ыйман, адамгерчилик.

Эпостогу берилген каармандардын ынтымагы,достугу,биримдиги эң алгач, чындык, калыстык, адилеттүүлүк, адамгерчилик, эл алдында ак кызмат өтөө, адал мээнет деген сыяктуу улуу адеп-ахлактык баалуулуктаргабагытталган. Эпостун учурдагы актуалдуулугу, бизге багыт берип турган жолу–чыркыраган чындык.

"Манаста" бир элди эриктирбей,эки элди бириктирбей,эки башты кагыштырып бири-бирине каршы койгон, бийлик, мансап дегенде өз канын сатып кете турган ар намысы жок, көңдөй куу чирен канкорлор да таасын чагылдырылган. Бул бир эле элге, же бир эле адамдын башына таандык эмес экендиги, эр жетип ата конушун издеп, элдин тилегин орундатуу максатында ар жерде чачылган журтту жыйнап,киндик каны тамган жерди табууга ниет кылып аттанганда орто жердеги ар кандай күчтөрдүн кол салуусунда калып,бирок, акыры аягында ошол эле бөтөн элдин азамат жоокерлери кыргыздар менен кошулуп кеткендигин ачык баяндайт.

Эпос адамдын өзү тойсо да,көзү тойбогон ашынган ач көздүк менен текеберчиликтин, ичине кара таруу айланбаган ичи тарлыктын кесепети акыры бардыгына залакасын тийгизээрин сындайт.Урпактарга эскертүү таризинде алыстан келген душмандан да ашып түшкөн Ороздунун төрт уулу менен Көзкамандардын аянычтуу элесин далил катары ачык-айкын сыпаттайт. Даража, байлык, бийлик үчүн керт башынан башканы ойлобогон, ичи көңдөй, көзүн туман баскандар учурда четтен чыгып жаткандыгын баарыбыз көрүп-билип жатабыз го! Эпостогу бирден -бир ачуу сабактын бири да ушу.

"Манас" баатырдык эпос катары эсептелинет, айрыкча, эпостогу көлөмдүү жана таасирдүү “Чоң Казат” эпизодундагы кандуу согушта аскер демократиясын (он башчы, жүз башчы, миң башчыларды шайлоо, баш колду жетектөө ишинде Алманбеттин шайланышын) баамдоого болот,айыгышкан согушта азууларын аркайтып, ат жыгылып сулады, муруттарын сербейтип, эр жыгылып кулап,кара сүргүн, алаамат уруш-согуш кара жерди, агын сууну кызыл түскө айлантып, эч аеосуз нечендеген адамдардын адилетсиз бей күнөө ажалы сүрөттөлөт. Жакындарынан ажырап, ичтен сызып, кан жутуп сыздаган баатырдын, көзү өткөндөрдү жоктоп, сай-сөөктү сыздатып ыйлап, аза күткөн жери – кандай гана ахыбал болбосун адамгерчилик,боорукерлик, баба салтын сактоо дегендей түбөлүктүү нарк насилдар бар экендигин эске салат. Мына ушундан кийин, дастандын ар бир окуяларынан биз маани бербеген идеялар, сырлар жаткандыгын билүүгө болот.

Улуу Ф.М.Достоевский: “Улуттук көрөңгүсүз, элдик аңызсыз эч нерсе өспөйт жана эч кандай мөмө болбойт. Ар кандай мөмө-жемиш өсүш үчүн өзүнүн топурагы, өзүнүн климаты, тарбиясы болуш керек. Бутундун алдындагы бекем кыртышсыз алдыга ийгиликтүү жылуу мүмкүн эмес”, - дегендей, биз, кыргыздар, атагы алыска кеткен Чыңгыз Айтматов агайыбыз айткандай, "Ала-Тоо койнунда кылымдан кылымга жашап келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына нени кошту дегенде, эч нерсе менен ченегис, баа жеткис руханий байлык, жан дүйнөнүн азыгы Манасты айтабыз. Демек, биздин аңызыбыз, кыртышыбыз, рухий азыгыбыз, топурагыбыз – “Манас”. Жаштарга достук, патриоттулук, кайратмандык, айкөлдүк деген сөздөрдүн түпкү маанисин түшүндүрүүдө, ой жүгүртүп талдоо менен бүгүнкү күндү салыштырып кароодо, ишке жоопкерчилик менен мамиле кылуу кичине болсо да үй-бүлөгө, мекенге пайда келтирүү ар бир инсандын колунан келе тургандыгын, жакшы сапаттарды алууга умтулуу өз колубузда жана ага өз аракетибиз менен жетүүгө мүмкүн экендигин тастыктап,үндөп турат.

Эпосто адамзатка рухий түркүк болуп келген асыл баа кенчтер, ыйык дөөлөттөр кеңири берилген, санап олтурса сан жетпеген эпостогу баалуулуктар дүйнөлүк илимий изилдөөгө татыктуу булак катары каралып, “Манас” эпосу Борбордук Азиянын байыркы цивилизациясынын эң жогорку жетишкендиктеринин бири экендигин жазып, азыркы адабият менен байланышын Америка, Европа, Түркия университеттеринде изилденип, көптөгөн окумуштуулардын илимий эмгектеринде каралган, М:чет жактагы изилдөөлөргө токтолсок:Мамбеттурду Мамбетакун (Кытай),Б.Путилов (Орусия), Карл Райхл(Германия), Ниенке ван дер Хейденин (Нидерланды) ж.б. илимий эмгектери, Амстердам университетинен Ниенке фан дер Хайде [Nienke van der Heide] «Spirited Performance: The Manas Epic and Society in Kyrgyzstan” аттуу эмгегинде “Манас” эпосу, анын тарыхый мааниси жана азыркы убактагы абалы жөнүндө кеңири маалымат берген [2008]. “Манас” эпосу америкалык изилдөөчүлөр Джош Вилсондун [Josh Wilson] “Manas” The Kyrgyz Odysseys, Moses, and Washington” аттуу эмгегинде жана Бонни Бойд [Bonny Boyd], Кенет Лоуренс [Kenneth Lawrence] жана башкалардын макалаларында батыш этнографтары, тил жана маданият изилдөөчүлөрүнүн “Манас” эпосуна кызыгуусу чоң экендигин айтышат. Мындай жакшы

саамалыктар,манастаануунун илим катары ар тараптуу ачылыштарга ээ экендигин далилдейт. Ошондой болсо да,“Манас” эпосу дагы да болсо көпчүлүк элдер үчүн ары табышмактуу, ары сырдуу бойдон калууда.

Түрк жазуучусу Хайретдин Ивгин жазган “Манас – Алтай тоолорунун арстаны” романы кыргыз тилинде жарык көрүп, аталган роман буга чейин Түркияда үч жолу басылып чыккан. «Бул китеп түрк, азербайжан, өзбек жана кыргыз тилдерине которулду. Алдыда түркмөн, казак жана орус тилдерине да которулуп басылып чыгат. Эми “Манас” эпосу дүйнө элине таанылышы үчүн англис тилине да которулса, анан Манас тууралуу бир жакшы тасма тартылса деген аруу кыялым бар» - деген Хайретдин Ивгин мырзанын пикири, эпостун актуалдуугуна чек жок экендигин, маданияттын жаңы көз караш менен жаңыланып тургандыгын айгинелейт.

Бул жашоодо баардыгы өтөт. Түбөлүктүү кала тургандар саналуу гана, ошонун ичинен, эң негизги келечек муундарга калтыра турган түбөлүктүү булак - жан дүйнөнүн азыгы, тил, өнөр болуп саналат. Ата-салтын жолдоо, элиңдин өткөн тарыхын, рухий мурасын сыйлоо - улуттун камын ойлоп, эртеңки келечекке камкордук көрүү, көпүрө куруу менен барабар.

Өсүп келе жаткан жаш муундарга чыныгы адам болуу үчүн суудай, абадай зарыл болгон акыл эстүүлүк, асыл идеялар, баалуу нарктарды берүү эртеңки күндүн келечеги үчүн бекем тирек боло тургандыгы талашсыз нерсе. Ошондуктан, аларга байыркы бабаларыбыз калтырып кеткен насаат сөздөрүн, тажрыйбасын күчтүү ишеним, эрк менен түптөп, бirimдикте, бир кишидей аракетте болушубуз абзел.

Анткени, адамзаттын умтулуусудайыма келечекке багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы – анын түпкү тамыры,күлазыгы, таянган тоосу жана келечек муундарга энчилеген мурасы.

**Корутунду**

Немистин улуу ойчулу Гёте “Ойлонуу, ой жүгүртүү - бул эң татаал эмгек” десе, кыргыз элинде, “Сөз - үрөн, иш - мөмө” деген макал бар. Бул маданий мурасты тулку боюбузга сиңирип, ар бир каарманды, көрүнүштөрдү, эпизоддогу окуяларды мезгилдин агымына жараша сары эсеп менен, тараза ташындай калыс болуу үчүн сын көз караш менен изилдесек, келечекке туура жол табылаарына жана мыкты натыйжа болооруна толук ишенем.

**АДАБИЯТТАР**

“*Манас*” (1995), Бишкек, Энциклопедия 1-2 том.
*“Манас”эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы* (2011), Бишкек.
Адылова, Бактыгул; Ашырова,. Нургул (2016), *Манастаануу*, Бишкек
Айтматов, Чынгыз (1994), *Манас – океан эпос*, Бишкек, Илим басмаканасы.
Айтматов, Чынгыз(1988),*Биз дүйнөнү жаңыртабыз,дүйнө бизди жаңыртат;*Фрунзе, Кыргызстан басмаканасы.
Алыкулов,Бекбай *(2011), “Кыргыз туусу”, 10.06.2011-ж.*
Байгазиев, Советбек (2011), *Манастаануу*, Бишкек.
Жакыпбек, Ашым (1995), *Теңири Манас*, Бишкек.